# Ак сарай саласыңбы"

Сөзү: Гүлзат Жусупахунованыкы.

Обону: Маматмуса Бакировдуку

Жар болсом сүйүүмө бек болосуңбу?

Түбөлүк жашоомду тек коёсуңбу?

Жайылтып сезимиди төгүп берсем,

Кол жайып төгүп албай тososуңбу?

Жайылтып сезимиди төгүп берсем,

Кол жайып төгүп албай тосoсуңбу?

Күү чалсам комуз болуп турасыңбы?

Күү сырын бир өзүмө бурасыңбы?

Күүсүнөн комузумдун нота болуп,

Сүйүүнүн арман күүсүн угасыңбы?

Күүсүнөн комузумдун нота болуп,

Сүйүүнүн арман күүсүн угасыңбы?

Түбөлүк сүйүү болуп агасыңбы?

Ырымдан ак сарайды саласыңбы?

Сезимден ак сүйүүнүн даамын берип,

Жүрөккө асел болуп тамасыңбы?

Сезимден ак сүйүүнүн даамын берип,

Жүрөккө асел болуп тамасыңбы?